Кыргыз Республикасынын
юстиция министрлигинин
2010-жылдын «6» октября
№ 135 буйругу менен бекитилген

Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик каттоо (кайрадан каттоо) жөнүндө күбөлүгүн берүү Тартиби

1. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинин жана анын аймактык органдарынын (мындан ары – каттоо органы) юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик каттоо (кайрадан каттоо) жөнүндө күбөлүгүн берүү боюнча ишин регламенттештирүү максатында иштелип чыккан.

2. Кыргыз Республикасынын юстиция министрлиги жана анын аймактык органдары (мындан ары – каттоо органы) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү толтура жана бере турган жооптуу адамды, ошондой эле ал жок учурда аны алмаштырган адамдарды аныкташат.

3. Жооптуу адам күбөлүктү берүү журналын жүргүзөт, анда күбөлүктүн катар номуру, юридикалык жактын (филиалдын же өкүлчүлүктүн) аталышы, сериясы, мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө буйрук чыккан күн жана номуру, мамлекеттик катталгандыгы (кайра катталгандыгы) үчүн акы төлөнгөндүгү боюнча квитанциянын номуру, күбөлүктү алган адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты жана күбөлүк берилген күн көрсөтүлөт.

4. Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү берүүдө жооптуу адам төмөнкүлөргө милдеттүү:

- күбөлүктү алуучунун тиешелүү документтер аркылуу күбөлүктү алууга ыйгарым укуктуу адам экендигине ынанууга;
- күбөлүк алуучу мыйзамдарга ылайык аныкталган мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) акысын төлөгөндүгүнө ынанууга;
- күбөлүк алуучу күбөлүк алгандыгы жөнүндө штамптагы тиешелүү графаны талаптагыдай толтурганына жана кол тамгасын койгонуна ынанууга;
- күбөлүк берүү журналын талаптагыдай толтурууга;
- күбөлүктү алгандыгы жөнүндө штампты коюуга;
- күбөлүк алуучуга мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү берүүгө.

5. Финансы-кредиттик мекемелердин жана Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана (же) жөнгө салынган башка мекемелердин,

коммерциялык эмес уюмдардын жана чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) күбөлүгүн алгандыгы жөнүндө штамп уставга (жобого) коюлат жана төмөнкүдөй графаларды камтууга тийиш:

- күбөлүк алуучунун фамилиясы, аты, атасынын аты;
- паспорттун же аны алмаштырган документтин номуру жана сериясы; документти берген орган жана берилген күнү;
- алынган документтердин (күбөлүк жана уюштуруу документтери) аталышы;
- күбөлүк берилген күн;
- күбөлүк алуучунун кол тамгасы.

6. Ушул Тартиптин 5-пунктунда көрсөтүлгөн юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) албаганда юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) күбөлүк алгандыгы жөнүндө штамп мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө чечимге коюлат жана төмөнкүдөй графаларды камтууга тийиш:

- күбөлүк алуучунун фамилиясы, аты, атасынын аты;
- паспорттун же аны алмаштырган документтин номуру жана сериясы; документти берген орган жана ал берилген күн;
- алынган документтин (күбөлүктүн) аталышы;
- күбөлүк берилген күн;
- күбөлүк алуучунун кол тамгасы.

Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) күбөлүгүн берүү журналы

№	Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) аталышы	Күбөлүктүн сериясы	Мамлекттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө буйрук чыккан күн жана номуру	Квитанциянын номуру	Күбөлүк алуучу адамдын аты-жөнү	Күбөлүк берилген күн

Финансы-кредиттик мекемелердин жана Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана (же) жөнгө салынган башка мекемелердин, коммерциялык эмес уюмдардын жана чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) күбөлүгүн алгандыгы жөнүндө штамп

Күбөлүктү жана уюштуруу документтерин алдым

_____

_____

Күбөлүктү алуучунун аты-жөнү

паспорттун же аны алмаштырган документтин номуру жана сериясы; документти берген орган жана берилген күнү.

_____

_____

_____

Берилген күн: «____» _____ ж.

Кол тамгасы _____

Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) күбөлүгүн алгандыгы жөнүндө штамп

Күбөлүктү алдым

_____

_____

Күбөлүктү алуучунун аты-жөнү

паспорттун же аны алмаштырган документтин номуру жана сериясы; документти берген орган жана берилген күнү.

_____

_____

_____

Берилген күн: «____» _____ ж.

Кол тамгасы _____